УДК: 91: 351.82 (575.2) (04)

**Алтынбек кызы Сезим**
Ж.Баласагын атындагы КУУнун экономикалык, социалдык жана саясий география кафедрасынын магистранты
**Алтынбек кызы Сезим**
Магистрант кафедры социальной, экономической и политической географии КНУ им. Ж. Баласагына
**Altynbek kyzy Sezim**
Master's student at the Department of Social, Economic and Political Geography KNU them. J. Balasagyn

# АТ-БАШЫ РАЙОНУНУН ӨНӨР ЖАЙЛАРЫНЫН ӨНҮГҮШҮНҮН КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ

# ПРОБЛЕМЫ И ПЕРСПЕКТИВЫ РАЗВИТИЯ ПРОМЫШЛЕННОСТИ АТ-БАШИНСКОГО РАЙОНА

# PROBLEMS AND PROSPECTS FOR THE DEVELOPMENT OF THE INDUSTRY OF THE AT-BASHY DISTRIC

**Аннотация:** Бул макалада Ат-Башы районунун өнөр жайынын өнүгүшү, көйгөйлөрү жана келечеги тууралуу маалыматтар келтирилди. Ат-Башы районунун экономикасында негизги тармак болуп айыл чарбасы, анын ичинен мал чарбасы эсептелет. Дыйканчылык айыл чарбада экинчи маанилүү тармак. Бул тармакты өнүктүрүү үчүн дээрлик бардык шарттар бар жана жылдан-жылга өнүгүп жатат. Ат-Башы районунда бүгүнкү күндө тамак-аш өнөр жайынын ичинен эт комбинаты, нан азыктарын жасоочу наабайканалар, цехтер, жеңил өнөр-жай тармагында чакан тигүүчү цехтер, кийим жана бут кийим оңдоочу жайлар, курулуш өнөр-жай тармактары иштейт.

**Өзөктүү сөздөр:** жаратылыш ресурстары, калкы, өнөр жай, тамак аш өнөр жайы, жеңил өнөр жайы, көйгөйлөр , перспективалар

**Аннотация:** Эта статья содержит информацию о проблемах и перспективах развития промышленности Ат-Башинского района. Основной составляющей экономики Ат-Башинского района является сельское хозяйство , с преобладанием животноводства. Растениеводство является второй значимой отраслью в сельском хозяйстве. Для развития этой отрасли есть все условия и с каждым годом развивается. На сегодняшний день в Ат-Башинском районе работают такие отрасли промышленности, как пищевая промышленность: мясо комбинат, пекарни, цеха, легкая промышленность : мини швейные цеха и реставрация одежды, обуви, и отрасли строительной промышленности.

**Ключевые слова:** природные ресурсы, население, промышленность, пищевая промышленность, легкая промышленность, проблемы, перспективы.

**Annotation:** This article contains information on the problems and development prospects of the At- Bashy district industry. The main component of the economy of the At-Bashy district is agriculture, with a predominance of animal husbandry. Cropod is the second significant industry in agriculture. There are all conditions for the development of this industry and develops every year. To date, industry industries such as the food industry: meat combine, bakeries, shops, light industry: mini sewing workshops and restoration of clothing, shoes, and industries.

**Key words:** natural resources, population, industry, food industry, light industry, problems, prospects

Ат-Башы району Нарын облусунун түштүк бөлүгүнөн орун алып, түндүгүнөн Нарын облусунун Ак-Талаа жана Нарын райондору, батышынан – Ош облусу, чыгышында – Ысык-Көл облусу, ал эми түштүгүнөн – Кытай Эл Республикасынын Кызылсуу-Кыргыз АО, Синьцзян-Уйгур автономдуу райондору менен чекешет. Райондун деңиз деңгээлинен орточо бийиктиги 2050 м ди түзөт. Бул район деңиз деңгээлинен 2300 метр бийиктикте орун алган. Кыргызстандын бардык райондорунун ичинен аянты бюнча эң чоң район болуп эсептелет. [1]

Теңир-Тоонун аймагын байыртадан эле көчмөн кыргыздар байырлап келген. 17-кылымдын 2-жарымында райондун азыркы аймагында жашаган кыргыз уруулары туруктуу жайгаша баштайт. Ат-Башы районунда дээрлик черик уруусу жайгашкан. Бирок, жалпы облустун аймагынын географиялык-климаттык шартынын катаалдыгына байланыштуу районго орустар анчалык көп келген эмес. Ал тургай Совет доорунда адистерди мыйзам ченемдүү бөлүштүрүү өкүм сүрүп турганда да, орустар районго туруктуу отурукташып калган эмес жана 20-кылымдын акырына чейин алар саналуу өлчөмдө гана жашашкан.

Демек, Ат-Башы району Кыргызстандын башка чөлкөмдөрдөн айырмаланып, негизинен бир гана улуттун – кыргыздардын аймагы б.а. калкынын 99 %ин түзүшөт .

Райондун калкы Кыргызстандын башка облус, райондоруна салыштырмалуу жайыраак көбөйөт. Ага албетте табигый – географиялык абал, социалдык шарттар таасирин тийгизет.

Райондо 2020-жылы жалпы калкынын саны 66233 адам болсо жалпы түтүндүн саны – 12740 болгон. 2020-жылдын Ат-Башы районунун калкынын улуттук курамы боюнча 99,3% кыргыздар, 0,02% орустар, 0.32% 0.14% өзбектер, 0.14% уйгурлар; 0,09% татарлар жана 0,05% адам башка улуттардын өкүлдөрү түзгөн. Эмгекке жарамдуу калктын саны (эркектер 16-59 жаштагы, аялдар 16-54 жаштагы) саны акыркы беш жыл ичинде 2,4 эсеге өстү. [2]

Социалдык экономикалык шарттын оордугуна байланыштуу акыркы жылдары райондон башка көчүп кетип жаткандарынын санын арбындыгы, айрыкча балалуу куракатагы адамдар түзөт. Негизинен алар: Бишкек, Токмок шаарларына жана Чүй облусунун райондоруна көчүп кетишүүдө.[2]

Ат-Башы районунун экономикасында негизги тармак болуп айыл чарбасы, анын ичинен мал чарбасы эсептелет. Айыл чарбасы негизинен уяң жана жарым уяң жүндүү койлор менен эт, сүт багытындагы мүйүздүү бодо малды асыроо тармагына адистешкен. Мал чарбасынын дыйкан чарбага караганда жакшы өнүгүшүнө негизги себеп болуп бул райондун рельефи жана климаттык шарттары болуп эсептелет. Дыйканчылык айыл чарбада экинчи маанилүү тармак. Мурунку мезгилдерде дыйканчылыктын негизги милдети жалаң гана малга тоют базасын камсыздоо болсо, азыркы учурда тоют камдоодон сырткары райондун жергиликтүү калкын азык-түлүк продуктылары ( картошка, жашылча ж.б.) менен камсыз кылуу болуп саналат. [3]

Райондун мал чарбачылык тармагы жаратылыш шарттарына байланыштуу жакшы өнүккөн, себеби, жаратылышы да анын жакшы өнүгүүсүнө шарт түзөт. Райондун калкынын 80% га жакыны дыйкан-чарба менен алектенишет. Айыл чарбасында болсо мал чарба жана дыйканчылык азык-түлүгүн алуу үчүн өсүмдүктөрдү өстүрүшүп, мал асырашат. Райондун

мал чарбачылык тармагы калкты тамак-аш, азык-түлүк, өнөр жайды чийки зат менен камсыз кылуу максатында иш алып барат. [4]

Ат-Башы районун алып карасак, бул райондо: тамак-аш өнөр жай тармагы, чакан эт комбинаты, нан азыктарын жасоочу наабайканалар, цехтер, жеңил өнөр-жай тармагында чакан тигүүчү цехтер, кийим жана бут кийим оңдоочу жайлар, курулуш өнөр-жай тармактары иштейт. Ошондой эле азыркы учурда Ат-Башы районунда кызмат көрсөтүү тармагы да жакшы өнүгүп келе жатат.

Райондо жылдан-жылга өнөр-жай тармагынын продукцияларынын саны көбөйүүдө. Себеби, кичи жана орто чакан ишканалар ачылып, алар Ат-Башы районунун экономикасынын өнүгүшүнө салым кошууда. Райондун аймагындагы негизги өнөр жай ишканаларына "Ат-Башы Кирпич заводу" менен “Ат-Башы Сүт” заводун киргизсек болот.

Ат-Башы районунун аймагында чакан "Ат-Башы Кирпич заводу" жоопкерчилиги чектелген коому иштейт. Бул кирпич заводу регоиндорду өнүтүүү жылдарында иштеп баштаган. Ат-Башы районунун Ат-Башы айылында 2019-жылы курулган. Бул завод бир суткада 25 миңге чейин кирпич чыгарат. Бул завод жергиликтүү ушул аймактын 30 адамын жумуш менен камсыз кылууда. Ат-Башы кирпич заводунун чыгарган продукциясынын сапаты жогорку деңгээлде болгондугуна байланыштуу, ага болгон суроо-талап жылдан-жылга өсүүдө.

Бул кирпич завод 2020-жылы толугу менен иштеп баштаган.Азыркы учурда 40 ка жакын адам эмгектенип, күнүнө 30 миңге жакын бышкан кыш чыгарылат. Айына бул кирпич завод 500 миңге чейинки көлөмдөгү кыш өндүрүп, чыгарат. Чыгарылган продукция Нарын облусунун аймагына сатылат. Келечекте кирпич заводдун аянтын кеңейтип, жаңы корпус куруу пландалууда. Жаңы корпустун курулушу менен дагы 50 адам жумуш менен камсыз болмокчу.

“Ат-Башы Сүт” заводу 2011-жылдан бери иштеп келе жаткан, Ат-Башы районундагы бирден-бир негизги өнөр-жай тармагы болуп эсептелет. Завод жергиликтүү фермерлерден алынган уй сүтүнөн сыр, каймак сыяктуу продукцияларды чыгарат. Бул завод азыркы учурда Нарын облусундагы эң ири жана заманбап заводдордун бири болуп саналат. Бул “Ат-Башы Сүт” заводу жергиликтүү 300гө жакын фермерлерден негизги сырье болгон сүттү сатып алат да, аларды кайра иштетүү жолу менен көптөгөн продукциянын түрлөрүн чыгарат. Күнүнө бул завод 10 тоннага чейинки көлөмдөгү сүттү иштетип, чыгарган продукциянын негизги бөлүгү Бишкек шаарынын базарларында, магазиндеринде сатылат. Завод эң акыркы технологиялык каражаттар менен жабдылган жана күнүнө кубаттуулугу 10 миң литрге чейин көлөмдөгү сүттү кайра иштетүүгө каралган.

Келечекте “Ат-Башы Сүт” заводун кеңейтүү максаттары каралууда. Ал үчүн завод өзүлөрүнүн сүт багытындагы породалуу уйларды баккан фермасын түзүүдө. Бул ферманын жардамы менен завод келечекте өзүнө керектүү сырьенун көлөмүн көбөйтүү менен, продукциянын көлөмүн да көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Азыркы тапта “Ат-Башы Сүт” жана ЮСАИД организациясы “ Конкуренттүү ишкана (Конкурентное Предприятие) деген проект үстүндө иштеп жатышат. Бул проекттин негизинде гранттык негизде келишим кабыл алынып, компаниянын чыгарган продукциясынын жана кайра иштетилүүчү уй сүтүнүн көлөүн көбөйткөнгө, сүт азыктарын сатууну жана экспорттону көбөйтүүгө жардам берет. Эң негизгиси, бул проектинин жардамы менен кошумча жумуш орду түзүлмөкчү.

Нарын облусунун Ат-Башы районунда калкты жакырчылыктан чыгаруу боюнча көптөгөн программалар иштелүүдө. Бул программаларда эмгек рыногу талап кылган

кесиптерди кыска мөөнөттө окутуу каралган. Ошондой эле, калкты жакырчылыктан чыгаруу максатында социалдык-экономикалык абалы начар үй-бүлөлөрдүн мүчөлөрүн убактылуу коомдук жумуштарга тартуу киргизилген. 2018-жылы район боюнча 250 жаранды жумушка тартуу пландалууда.

Нарын облусунун Ат-Башы районунун Ак-Талаа айылдык аймагында индустриалдык – соода-логистикалык борборун куруу каралган. Бул логистикалык борбор райондун экономикалык-социалдык абалын оңдоого чоң салымын кошот деп каралган. Аталган соода-логистикалык борбор үчүн 200 га жер тилкеси бөлүнгөн. Бирок, 2020-жылы жергиликтүү калктын бул проектке каршы чыгуусунун натыйжасында, бул курулуш токтотулган.

Ат-Башы районунун өнөр жайларын өнүктүрүү бул келечектүү тармак болуп эсептелет. Өнөр жай тармактарын өнүктүрүү үчүн бул райондо бардык шарттар бар. Райондо калк негизинен айыл чарбага адистешкендигине байланыштуу, айыл-чарбанын чийки заттарын кайра иштетүүгө негизделген өнөр жай тармактарын өнүктүрүү келечектүү.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Атлас Киргизской ССР. Том 1. М., 1987.
2. Национальный статистический комитет Ат-Башинского района. Ат-Башы, 2020.
3. Большаков М.Н., Шпак В.Ч. Водноэнергетические ресурсы Киргизской ССР. Фрунзе, 1960
4. Кадыркулов М.К. Физическая география Кыргызстана. Бишкек,2012.

**Рецензент: геог.и.к., доцент Солпуева Д.Т.**